**2013-жылдын 2-июлундагы № 109 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**

**Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

2013-жылдын 30-майында

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.** Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1999-ж., №10, 442-ст.) төмөнкүдөй толуктоолор киргизилсин:

**1.** 106-статьянын 1-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

“Мамлекеттик саясий жана муниципалдык саясий кызматты ээлеп турган адамдарга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Судьяларды тандоо боюнча кеңешинин мүчөлөрүнө жеке кепил болуп чыгууга тыюу салынат.”.

**2.** 122-статья төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

“Мамлекеттик саясий жана муниципалдык саясий кызматтарды ээлеп турган адамдарга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Судьяларды тандоо боюнча кеңешинин мүчөлөрүнө сотто бөгөт коюу чарасын өзгөртүү жөнүндө өтүнмө жасоого тыюу салынат.”.

**2-берене**. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **А. Атамбаев**